**“Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн жана Ленин айыл аймактарынын чек араларынын баяндамасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору тууралуу” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна Маалымкат негиздеме**

1. **Максат жана милдеттер**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бул токтомунун долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесинде каралган Министрлер Кабинетинин мыйзам чыгаруу демилгесин жүзөгө ашыруу максатында иштелип чыккан жана жогорудагы көрсөтүлгөн Мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберүү, ошондой эле бул мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий өкүлүн аныктоо милдеттерин чечет.

2. **Баяндоочу бөлүк**

“Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн жана Ленин айыл аймактарынын чек арасынын баяндамасын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору менен Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Аламүдүн жана Ленин айыл аймактарынын чек арасынын баяндамасын бекитүү сунушталган.

Бул токтомдун долбоору менен жактырууга сунушталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу” Мыйзамынын 13-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин кароонун тартиби жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Административдик-аймактык түзүлүштөрдүн маселелерин жана географиялык аталыштарын кароо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишмердиги жөнүндө Жобого ылайык иштелип чыккан.

Токтомдун долбоору менен мыйзам долбоорунда каралган маселе Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин ыйгарым укуктарына тиешелүү болгондуктан, мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кароодо Министрлер Кабинетинин расмий өкүлү болуп аталган агенттиктин жетекчиси дайындалуусу сунушталат.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтомунун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтом долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий сайтына коомдук талкуулоо жол-жобосунан өтүү үчүн жайгаштырылган.

Коомдук талкуунун жыйынтыктары боюнча сунуштар жана сын-пикирлер келип түшкөн жок.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Министрлер Кабинетинин бул токтомунун долбоору колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Министрлер Кабинетинин ушул токтомунун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык сарптоолорго алып келбейт, бардык чыгымдар жергиликтүү бюджеттен сарпталат.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Токтомдун долбоору ишкердикти жөнгө салууга багытталбагандыктан анын жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин директору** **Э. Н. Джантаев**